**И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**Д 13.23.681 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ**

Кол жазма укугунда
УДК: 37:371.260:373.6:373.82

**ДЖУМАГУЛОВ ЭЛЬДАР КУВАНЧИЕВИЧ**

# ИНФОРМАТИКАНЫ ОКУТУУДА КЕЛЕЧЕКТЕГИ ВРАЧТАРДЫН МКТ – КОМПЕТЕНЦИЯСЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ (КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЕДИЦИНАЛЫК ЖОЖДОРУНУН МИСАЛЫНДА)

13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы
(информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу)

педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн
жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2024**

Иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин колдонмо информатика кафедрасында аткарылган.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | **Калдыбаев Салидин Кадыркулович** педагогика илимдеринин доктору, профессор,Эл аралык “Ала-Тоо” университетинин илимий иштер боюнча проректору |
| **Расмий оппоненттер:** | |
| **Жетектөөчү уюм:** | |

Диссертациялык иш 2024-жылдын _______ саат _____ дө И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ош мамлекеттик университетине караштуу педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча уюштурулган Д 13.23.681 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 720023, Бишкек шаары, Саманчин көчөсү, 10-а

Коргоонун онлайн трансляциясынын иденфикациялык коду:
https://vc.vak.kg/b/132-sip/gst-6u5

Диссертациялык иш менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (720040, Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51) жана Ош мамлекеттик университетинин (723500, Ош ш., Ленин проспектиси, 331) илимий китепканаларынан жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын сайтынан таанышууга болот (www.nakkr.kg)

Автореферат 2024-жылдын ____________ таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Казиева Г. К**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Маалыматтык жана коммуникациялык технологиялардын (МКТ) өнүгүшү билим берүү системасында өзгөрүүлөрдү жаратуу менен, илим, техника, билим берүү жана өнөр жай чөйрөлөрүнө олуттуу таасирин тийгизди.

Кыргыз Республикасынын билим берүү системасы, өнүгүүнүн улуттук стратегиясына карабастан аралыктан окутууга өтүүгө даяр эмес экендиги аныкталды. Муну «Жалпы республикалык тестирлөөнүн» жүрүшүндө окуучулардын билимдерин тестирлөөнүн жыйынтыктары ырастады. COVID-19 пандемиясы мезгилинде билим берүү сапатынын начарлашы узак мөөнөткө созулган кесепеттерди шарттышы мүмкүн.

Санариптик билим берүү чөйрөсүнө ийгиликтүү ыңгайлашуу үчүн педагогдор МКТ-компетенттүүлүктүн жогорку деңгээлине ээ болууга тийиш. Билим берүү процессин башкарууда жаңы талаптар менен инновациялык ыкмаларды жайылтуу зарыл.

Бүгүнкү күндө МКТ-компетенттүүлүгү информатикага жана заманбап маалыматтык жана коммуникациялык технологияларга окутуу процессинде калыптануучу билимдердин, көндүмдөрдүн, билгичтиктердин жыйындысы катары эле эмес, өзүнүн кесиптик ишинде компьютердик каражаттар жана технологиялардын бүтүндөй жыйындысын жана ар түрдүүлүгүн колдонууга өбөлгө түзүүгө даярдалган жогорку деңгээлдеги билим берүү чөйрөсүнүн адисинин инсандык-ишкердик мүнөздөмөсү катары дагы каралышы шарт. МКТ-компетенттүүлүктө эки курамдык: предметтик (профиль боюнча предметтик чөйрөдөгү МКТ) жана методикалык (электрондук дидактика, окутуунун маалыматтык технологиялары) бөлүнүп чыгат.

Заманбап медициналык билим берүүнүн негизги милдеттери келечектеги врачтын теориялык жана клиникалык билимдердин интеграцияланган системасы, билгичтик жана көндүмдөр менен камсыз болуусун, алардын жогорку медициналык технологияларды өздөштүрүүсүн, аларда өзгөрүлмө шарттарга ыңгайлашуу жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу, жеке социалдык статусун аңдап-билүүсүн аныктайт.

Коюлган милдеттерди чечүү, окумуштуулардын пикиринде, бир катар себептер жана карама-каршылыктардын болушу менен татаалдашкан: медициналык кызматкерлерди тар чөйрөгө багыттап даярдоо бул медициналык жардамдын сапаты жана жеткиликтүүлүгү ортосундагы карама-каршылыкка алып келет; бир жагынан алганда, медициналык билим берүүдө адистешүү врачтардын медицинанын конкреттүү тармагында терең билим алуусу менен көндүмдөргө ээ болуусун өнүктүрүүнү шарттайт. Бул татаал ооруларды дарылоодо жана хирургиялык жол менен жардам көрсөтүүдө кыйла пайдалуу болушу мүмкүн; врачтардын мындай так багытта адистешүүсү бейтаптарды конкреттүү ооруну алып жүрүүчү гана эмес, бүтүндөй индивидуум катары көрүүсүн чектеп коёт.

Бул белгилүү бир тармак боюнча гана окуган врачтар үчүн, бейтаптардын саламаттыгына байланышы бар башка оорусун көз жаздымда калтырышы мүмкүн боло турган жагдайга алып келет. Себеби, эгерде кыйла

кеңири медициналык билимге ээ болгондо ал көйгөйлөр аныкталмак. Убакыттын жетишсиздиги жана бейтаптардын саны көп болгондугуна дуушар болгон врачтар дарылоодо директивалык «рецептуралык» ыкмага ыкташы мүмкүн, бул бейтаптын керектөөсүнө жана жалпы алганда дарылоого дайым эле туура келе бербейт.

Ушундайча, бул жагдай төмөнкүлөр ортосунда карама-каршылыкты жаратат:

– врачтардын билимдеринин жана адистигинин тар багытта болушу, ошондой эле алардын бардык бейтаптар үчүн медициналык жардамдын жеткиликтүүлүгү менен сапатын камсыз кылуу зарылдыгы;

– келечектеги врачты окутуудагы педагогикалык компоненттин жана анын коммуникативдик компетенцияларынын калыптанбагандыгы;

– саламаттык жаатында жогорку тарбиялоочулук потенциалы жана врачтарда жекелигин өздөрү сактап калууга болгон туруктуу мотивациянын өнүгүшүнө заманбап таасир берүү каражаттарынын жоктугу.

Ошону менен аныкталган карама-каршылыктар изилдөө проблемаларын белгиледи: окутуу процессинде келечектеги врачтардын МКТ компетенттүүлүгүнө кайсы педагогикалык шарттар өбөлгө түзөт: **«Информатикага окутууда келечектеги врачтардын МКТ-компетенциясын калыптандыруу (Кыргыз Республикасынын медициналык ЖОЖдорунун мисалында)»**

**Диссертациянын темасынын алдыңкы илимий багыттар, билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан өткөрүлгөн негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** И. Арабаев атындагы КМУнун 2020-2023-жылдар үчүн ИИИ изилдөөнүн актуалдуу темаларынын тизмегине кирет.

**Изилдөөнүн максаты:** Кыргыз Республикасынын медициналык ЖОЖдорунун мисалында информатикага окутууда келечектеги врачтардын МКТ-компетенциясын калыптандыруу, келечектеги врачтардын МКТ-компетенттүүлүгүн калыптандыруу методикасын иштеп чыгуу жана жайылтуу.

**Изилдөөнүн милдети**:

1. Студенттердин МКТ-компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориясы менен практикасын өздөштүрүүнүн негизинде, МКТ-компетенттүүлүк өбөлгөлөрүн, түзүмүн жана мазмунун аныктоо;
2. Келечектеги врачтардын МКТ-компетенттүүлүгүн калыптандыруу моделин иштеп чыгуу;
3. Медициналык ЖОЖдордун студенттеринин МКТ-компетенттүүлүгүнүн калыптануу критерийлерин, көрсөткүчтөрүн жана деңгээлин иштеп чыгуу;
4. Педагогикалык эксперименттин жардамы менен иштелип чыккан моделдин натыйжалуулугун текшерүү жана анын жыйынтыгын ачып көрсөтүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңычылдыгы жана теориялык маанилүүлүгү**:

- Медициналык ЖОЖдордун студенттеринин МКТ-компетенттүүлүгүнүн өбөлгөлөрү, түзүмү жана мазмуну аныкталды;
- Келечектеги медициналык кызматкерлердин МКТ-компетенттүүлүгүнүн моделин түзүүнү шарттаган принциптер, шарттар, ыкмалар, методдор аныкталды;
- Медициналык студенттердин МКТ-компетенттүүлүгүн калыптандыруу модели иштелип чыкты;
- Келечектеги врачтардын МКТ-компетенттүүлүгүнүн критерийлери, даярдыгынын көрсөткүчтөрү жана деңгээли иштелип чыкты.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси** медициналык студенттердин МКТ-компетенттүүлүгүн калыптандыруу боюнча сунушталып жаткан модель алардын кесиптик ишмердигинин натыйжалуулугун жогорулатууга шарт түзгөндүгүндө жана МКТ-компетенттүүлүгүн калыптандыруу методикасы негизделгендигинде; негизги теориялык жана практикалык сунуш-көрсөтмөлөр окуу программаларын, окуу жана окуу-методикалык пособиелерди түзүүдө колдонулушу мүмкүн; изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжалар окуу процессинде колдонулушу мүмкүн.

**Коргоого чыгарылуучу диссертациянын негизги жоболору.**

1. Келечектеги врачтардын МКТ-компетенттүүлүгүн калыптандыруу процессинин ийгилиги көбүнчө аталган изилдөөнүн проблемасынын теориялык негиздерин аныктоодон көз каранды. Маалыматтык технологиялардын каражаттары аркылуу МКТ-компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселесин чечүү бул маселенин методологиялык негиздерин аныктоону шарттайт.
2. Маалыматтык технологиялардын каражаттары менен МКТ-компетенттүүлүктү ийгиликтүү калыптандыруу бул процесстин моделин жана педагогикалык шарттарын иштеп чыгуудан жана аларды практикалык ишке ашыруудан көз каранды.
3. Педагогикалык эксперименттин иштелгендиги жана натыйжалуулугу теориялык позициянын жана тандалып алынган калыптандыруу методикасынын тууралыгын далилдеши керек.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** илимий жана окуу-методикалык адабияттарды өздөштүрүүнүн негизинде изденүүчү тарабынан ишти өз алдынча аткаруусунда, изилденген проблеманын негизги идеяларын жана жоболорун теориялык жана практикалык жактан негиздөөсүндө, медициналык студенттердин МКТ-компетенттүүлүгүн калыптандыруу процессин илимий негиздеп берүүсүндө.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо жана колдонууга киргизүү** эл аралык, университеттер аралык илимий-практикалык конференцияларда талкуулоо, Эл аралык жогорку медицина мектебинин Табигый илимдер кафедрасында талкуулоо аркылуу жүзөгө ашырылды. Компетенттүүлүк проблемасы боюнча изилдөөнүн негизги жоболору жана идеялары Пекинде өткөн «scientific research of the sco countries synergy and integration// conference “scientific research of the sco countries: synergy and integration» эл аралык илимий-практикалык конференцияда баяндама

жасоонун жүрүшүндө айтылды (2019-ж. 03.05.); I Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин “Мыкты илимий кызматкер – 2023” эл аралык сынагы илимий-педагогикалык кызматкерлерге арналып, эл аралык деңгээлде катышуу каралган. Макаланын темасы “Медициналык ЖОЖдордун студенттеринин МКТ компетенттүүлүгүнүн калыптануу критерийлери, көрсөткүчтөрү жана деңгээлдери”, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, Бишкек шаары (2023);

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Натыйжаларды колдонууга киргизүү келечектеги врачтардын МКТ-компетенттүүлүгү проблемасын изилдөөнүн жүрүшүндө алынган илимий басылмалар аркылуу жүзөгө ашырылган. Диссертациянын темасы боюнча 1 методикалык пособие, 8 илимий макала жарык көргөн, анын ичинен 5 макала Россиянын илимий цитаталар индексинин (РИНЦке) илимий метрикалык базасына киргизилген журналдарда, ошондой эле 3 макала Россия Федерациясынын, Казакстан Республикасынын, Кытай Эл Республикасынын эл аралык журналдарында жарыяланган.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү**. Диссертация киришүүдөн, үч главадан, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Диссертациянын жалпы көлөмү компьютердик тексттин 236 барагын түзөт жана 222 адабий аталышты камтыйт.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты жана милдеттери, илимий жаңылыгы, практикалык мааниси, коргоонун жоболору, автордун жеке салымы, изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо, диссертациянын түзүмү жана көлөмү берилет.

**“Медициналык ЖОЖдордун студенттеринин МКТ-компетенцияларын калыптандыруу – педагогикалык проблема катары”** деген биринчи главада келечектеги медицина кызматкерлеринин МКТ-компетенцияларын калыптандыруу зарылдыгы, “компетенттүүлүккө негизделген мамиле” түшүнүгү, МКТ-компетенцияларынын түзүмү жана мазмуну, медициналык информатика кызматкерлеринин МКТ калыптандыруунун өбөлгөлөрүн изилдөө, ошондой эле изилдөөнүн биринчи милдетин чечүүгө багытталган Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун медициналык студенттеринин МКТ компетенцияларынын калыптануу абалына анализ тууралуу маселе каралат. Билим берүү процессин курууга компетенттүү мамиле катары анын бардык компоненттерин келечектеги адистин конкреттүү кесиптик ишти жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон кесиптик компетенттүүлүккө ээ болушуна багыт алууну түшүнүүгө болот; компетенттүүлүк – адамдын кесиптик милдеттерди аткаруу процессинде жаралган ар кандай жагдай-шарттарда кесиптик чөйрөдө ээ болгон билимдерин, билгичтиктерин, жөндөмдөрүн, көндүмдөрүн жана иш ыкмаларын колдонуу жөндөмдүүлүгү; кесиптик компетенция - жетишпеген билимдерди издөөнүн өздөштүргөн жана сыноодон өткөн, болгондорун интеграциялоого негизделген ыкмалардын системасы;

педагогдун МКТ-компетенттүүлүгү деп педагогдун өзүнүн предметтик ишинде МКТны өз алдынча колдонуу жөндөмдүүлүгүн жана даярдыгын түшүнөбүз».

ЮНЕСКОнун сунуш-көрсөтмөлөрүнө ылайык, МКТ-компетенттүүлүгүн калыптандыруу «...МКТга бай билим берүү чөйрөсүндө ишти өздөштүргөн педагогдордун кесиптик өнүгүүсүнүн тийиштүү стадиялары менен байланышкан мектепти маалыматташтыруунун үч ыкмасын эске алуу менен түзүлүшү керек. Биринчи ыкма – "МКТны колдонуу" мугалимдерден окуп жаткандардын окуу ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн МКТны колдонууга жардам бере алуусун талап кылат.

Экинчиси – "Билимди өздөштүрүү" – мугалимдерден окуп жаткандарга окуу предметтеринин мазмунун терең өздөштүрүүсүнө, алган билимдерин реалдуу дүйнөдө кездешкен комплекстүү маселелерди чечүү үчүн алынган билимдерди колдонууга көмөктөшүүсүн талап кылат. Үчүнчүсү – "Билим өндүрүшү" – мугалимдерден окуп жаткандарга, келечектеги жарандарга жана жумушчуларга жардам берүү, коомдун шайкеш өнүгүшү жана гүлдөп-өсүшү үчүн зарыл болгон жаңы билимдерди өндүрүү (жаратуу) жөндөмдүүлүгүн талап кылат".

**Бул изилдөөнүн теориялык-методологиялык негизин** жалпы илимий принциптер, ошондой эле Кыргызстандагы билим берүү жана компетенттүүлүк мамиленин проблемаларына арналган алдыңкы окумуштуулардын эмгектери түзөт. Врачтын МКТ компетенттүүлүгүнүн маңызы кесиптик милдеттерди чечүү жана жарандык милдетти аткаруу үчүн колдонулган билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн даражасы катары каралат.

Врачтар арасында МКТ компетенцияны өнүктүрүү зарылдыгы эмне себептен пайда болду деген суроону каралып жатат, бул үчүн биз төмөнкү өбөлгөлөрдү изилдедик;

1. *IT-технологиялардын өнүгүшү,* мамлекеттин өнүгүү деңгээлин маалыматтык технологиялардын ар кандай чөйрөлөргө жайылышы менен байланыштырып, жашоонун ар кандай чөйрөлөрүнө таасирин тийгизет.

2. *Медициналык кызматкердин ишмердүүлүгүн автоматташтыруу зарылчылыгы*, техниканын топтолгон потенциалын, проблемаларды маалыматтык чечүү деңгээлин көрсөтүү менен, саламаттыкты сактоо тармагына МКТны киргизүү зарылчылыгы, медициналык персоналдын компьютердик сабатсыздыгын жоюу, компьютердик тармактарды өнүктүрүү. Заманбап медицина жана саламаттыкты сактоо медициналык практиканын ар кандай аспектилеринде маалыматтык технологияларды колдонуудан абдан көз каранды.

3. *Кыргызстандагы санариптик трансформация,* өзгөчө илимий-техникалык прогресс, глобалдык маалыматташтыруу сыяктуу саламаттыкты сактоодогу санариптик трансформацияга көмөктөшүүчү негизги факторлор. Санариптик трансформация стратегиясы коомчулук менен байланыштын бардык

чөйрөлөрүн санариптик технологиялар менен камтууга жана жарандардын санариптик сабаттуулук деңгээлин жогорулатууга умтулат.

Биз диссертацияда медициналык ЖОЖдорунун студенттеринин МКТ калыптануу абалын изилдедик. Бул үчүн төмөнкүдөй иштердин түрлөрүн тандап алдык.

1. Келечектеги врачтарды даярдоонун өзгөчөлүгүн изилдөө. Келечектеги врачтарды чет мамлекеттерде кесиптик даярдоонун өзгөчөлүктөрү. Ар бир медициналык университет билим берүү программаларын даярдоодо белгилүү бир академиялык эркиндикке ээ. Проблемаларды чечүүгө окутуу, долбоордун негизинде окутуу (лабораториялык иш), командага кошуп окутуу, клиникалык окутуу, кесиптер аралык окутуу, өз алдынча үйрөнүү жөндөмдүүлүгүн ээ болуу жана сактоо билим берүү процессине киргизилген.

2. Медициналык кызматкерлердин маалыматтык технологияларды колдонуу көндүмдөрүнүн деңгээлин изилдөө. Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжасында төмөндөгүлөр аныкталды: 874 медицина кызматкерлеринин ичинен:

**1.1-таблица. Медициналык кызматкерлердин компьютерди билүү деңгээли**

| Пайыз түрүндө | Жыйынтыгы |
|---|---|
| 4% | Жогорку |
| 7% | Жакшы |
| 25% | Орточо |
| 64% | Төмөн |

Таблицадан көрүнүп тургандай, сурамжылоого катышкандардын 64%ы компьютерди билүү деңгээлин «Төмөн» деп эсептешет. Ал эми 4%ы гана өз көндүмдөрүн "Жогорку" деп баалашат.

3. *Келечектеги врачтардын МКТны калыптанышдруу процессин жөнгө салуучу окуу жана ченемдик документтердин анализи.* Стандартты анализдөөдө келечектеги врачтардын МКТны калыптандыруу процесси ИК-1 компетенциясы катары көрсөтүлгөн, ал компьютерде өз алдынча иштөө жөндөмдүүлүгүн (элементардык көндүмдөр), ошондой эле бейтаптар, компьютердик техника менен иштөөдө пайдаланылган медициналык-техникалык аппаратура менен иштөөгө, ар кандай булактардан маалымат алууга, кесиптик милдеттерди чечүү үчүн заманбап маалыматтык технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн колдоно алууга жөндөмдүү ПК-6 компетенциясын билдирет.

Келечектеги врачтардын МКТ-компетенцияларына байланыштуу окутуулардын жана программалардын өзгөчөлүктөрү Кыргызстанда сейрек эске алынат. Ушул себептен иш жүзүндө эч кандай практикалык материалдар жок. Медициналык факультеттин студенттерин компьютердик технологияга үйрөтүүдө оптималдуу программаны жана окутуу методдорун тандоо эң маанилүү маселелердин бири болуп эсептелет.

4. *Кыргыз Республикасынын медициналык жогорку окуу жайларынын информатика боюнча окутуучуларынын сабактарына катышуу.* Студенттер

компьютердик технологияларга стандарттуу программалар колдонулуп окутула тургандыгы аныкталган, б.а. башка факультеттердегидей эле бул университеттерде компьютердик илимдер тармагында алынган билимдер студенттердин жалпы стандарттык компьютердик көндүмдөрүнө багытталган. Натыйжада студенттерде билим алууга болгон мотивация төмөн болуп, алардын бул жаттагы деңгээли төмөндөшүнө алып келет.

5. Медициналык ЖОЖдордун информатика боюнча окутуучулары арасында анкета толтуртуу. Кыргыз Республикасынын медициналык ЖОЖдорунун информатика боюнча окутуучуларына анкета толтуртуунун жыйынтыгы көрсөткөндөй, алардын басымдуу бөлүгү окутуунун салттуу жана инновациялык методдорун өз сабактарында колдонушат, бирок информатиканы окутуунун негизги максаты теориялык билимди гана алуу деп эсептешет.

Ошол эле учурда алар техникалык жактан начар жабдылган деп эсептешет, ошондой эле студенттердин ага чейин окуп келген мектептери компьютерлер менен жакшы жабдылбаган аймактардан келише тургандыгын белгилешет. Ошондой эле, 40%ы МКТ компетенцияларын калыптандыруу үчүн сааттардын саны жетиштүү деп эсептесе, 40%ы тескерисинче саат жетишсиз деп жооп беришкен, 20%ы жооп берүүгө кыйын экендигин билдиришкен. Кабинеттерге канааттануу 50%ды түзсө, 40%ы канааттанбайт. 60%ы студенттерди графика жана видео файлдар менен иштөөнү үйрөтүүнүн зарылдыгы жок деп эсептесе, 40%ы аларды үйрөтүү зарыл деп санашат.

*6. Медициналык жогорку окуу жайларынын студенттери арасында анкета жүргүзүү*. Кыргыз Республикасында окуп жаткан медициналык студенттердин арасында жүргүзүлгөн анкета көрсөткөндөй, суралгандардын басымдуу бөлүгү информатика предмети медициналык ЖОЖдордо керек дешкен. Бирок, аларды окутуунун методикасы, сабакта алган билимдери, предмет боюнча талкууланган теориялык маселелердин чөйрөсү канааттандырбайт.

Алар кемчилик катары техникалык жактан начар жабдылышын, окутуучулардын компетентсиздигин, ошондой эле сааттардын санын киргизе тургандыгын билдиришкен. Суралгандардын көбү алардын кесиптик ишинде керек боло турган практикалык көндүмгө муктаж жана негизинен статистиканы, маалымат базаларын жана Excelди үйрөнүүнү каалай тургандыгын белгилешкен.

**«Медициналык студенттердин арасында МКТ-компетенцияларын калыптандыруу методологиясы, методдору жана материалдары»** деген экинчи главада изилдөөнүн экинчи жана үчүнчү милдеттери чечмеленген. Глава келечектеги врачтардын МКТ-компетенцияларынын моделин түзүү методдору, ыкмалары, изилдөө шарттары жана негизги жоболору маселесин кароого арналган.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунда окутуу процессинде МКТ-компетенцияларын калыптандыруу процесси саналат, ал эми **изилдөө предмети** информатикага окутуу

процессинде келечектеги врачтардын МКТ компетенцияларын калыптандыруу болуп саналат.

Медициналык студенттер арасында МКТ-компетенцияларын долбоорлоо жана калыптандыруу негизине *ыкмалар, изилдөө методдору, шарттар жана принциптер* сыяктуу аспектилерди пайдаланабыз. Алар элементтерди ачып берүүгө, каралып жаткан объектинин бүтүндүгүн камсыз кылууга багытталган элементтер ортосунда байланыштарды табуу мүмкүнчүлүгүн шарттайт.

Иште медициналык ЖОЖдордун студенттеринин арасында МКТ компетенцияларын калыптандырууга таасир этүүчү төмөнкүдөй ыкмалар колдонулат.

*Компетенттүүлүккө негизделген мамиле.* Окуу процессинин курулушу деп келечектеги адистин так белгиленген кесиптик ишти жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон кесиптик компетенттүүлүккө ээ болууга багытталган анын бардык компоненттерин түшүнүүгө болот.

*Системалык мамиле.* Медициналык студенттердин МКТ-компетенцияларын калыптандырууга системалуу мамиле жасоо – бул окутуунун бардык аспектилерин камтыган комплекстүү методология, анын ичинде окуу процессин пландаштыруу, окутуу технологияларын тандоо, окуунун натыйжаларын контролдоо жана баалоо, ошондой эле студенттердин жеке керектөөлөрүн эске алуу кирет.

*Технологиялык мамиле*. МКТнын моделин калыптандыруу үчүн келечектеги врачтардын компетенциялары критерийлерди иштеп чыгууну болжолдойт, ал эми так белгиленген технология өзүнүн сапаттык көрсөткүчтөрүн жана баалоо методдорун болжолдойт.

*Инсанга багытталган мамиле*. моделди курууда жагымдуу климат түзүү, билим берүү процессинин катышуучуларынын активдүүлүгүнө өбөлгө түзүү жана аларга түрткү берүү сыяктуу көптөгөн башкаруу маселелерин чечүүгө жол берет.

Медициналык студенттердин МКТ-компетенцияларын калыптандыруу ыкмаларын мүнөздөө менен, изилдөөнүн методдору тууралуу маселени карай кетсек. Анда төмөнкүдөй илимий методдор пайдаланылган:

*Анализ жана синтез методдору*. Медициналык студенттердин МКТ-компетенцияларына болгон керектөөлөрүн талдоонун жыйынтыгынын негизинде аларга медицинада МКТ-технологияларын натыйжалуу колдонууга мүмкүндүк берүүчү окутуу программасы иштелип чыгышы мүмкүн.

*Системалаштыруу ыкмасы.* Метод МКТ-компетенцияларынын ар кандай аспектилерин классификациялоого, алардын өз ара байланышын жана маанилик даражасын аныктоого мүмкүндүк берди. Аларга электрондук медициналык жазууларды колдонуу, медициналык маалымат базалары менен иштөө жана медициналык маалыматты бөлүшүү сыяктуу МКТ көндүмдөрүнүн ар кандай категорияларын системалаштыруу кирет.

*Анкета жүргүзүү.* Бул келечектеги врачтардын МКТ-компетенциялары жөнүндө сапаттык жана сан түрүндө маалымат алуу үчүн колдонулган. Анкеталарга МКТ тармагындагы билим жана көндүмдөр, ар кандай МКТ –инструменттери менен иштөө тажрыйбасы, МКТ-көндүмдөрүн билүү деңгээлин баалоо, ошондой эле кошумча окутууга болгон керектөөлөр тууралуу суроолор камтылган.

*Тестирлөө.* Ал МКТ тармагындагы билимди жана көндүмдөрдү текшерген компьютердик тестирлөө түрүндө, ошондой эле медицина кызматкерлеринин МКТ боюнча көндүмдөрүн практикада колдонуу жөндөмдүүлүгүн баалаган практикалык тапшырмалар түрүндө өткөрүлдү.

Врачтардын ишинин реалдуу шартта, анын ичинде медициналык техника жана МКТ-инструменттери менен иштөөсүнө *байкоо жүргүзүү.* Бул метод бизге медицина кызматкерлери өздөрүнүн МКТ-көндүмдөрүн практикада кантип колдонорун жана МКТны пайдалануу менен байланышкан ар кандай көйгөйлөрдү кантип чечкендигин баалоого мүмкүндүк берди.

*Моделдөө ыкмасы.* Келечектеги врачтардын МКТ-компетенцияларын калыптандыруу шарттарын карап чыгышты.

Колдонулган методдор медициналык студенттердин МКТ-компетенцияларына болгон керектөөлөрүн талдоо үчүн зарыл болгон жана келечектеги медициналык кызматкерлердин МКТ компетенттүүлүгүн калыптандыруу шарттарын каралган.

*Студенттер үчүн жагымдуу шарттарды түзүү* МКТ технологияларына болгон мотивацияны жана кызыгууну өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт жана керектүү ресурстар жана жабдуулар менен камсыз кылууну камтышы мүмкүн. Студенттер МКТ технологияларын үйрөнүү жана колдонуу үчүн аларга жеткиликтүү жана ишенимдүү түзүлүштөр жана программалык камсыздоо керек.

*Изилдөөлөрдү жана инновацияларды колдоо* МКТ-технологияларына кызыгууну стимулдаштыруунун бир жолу бул чөйрөдөгү изилдөөлөрдү жана инновацияларды колдоо болуп саналат. Студенттер окутуучулар же башка студенттер менен бирге медицинада МКТ-технологияларын пайдалануу менен байланыштуу долбоорлордун үстүндө иштешти.

*Студенттердин өз алдынчалыгын колдоо* студенттердин МКТ-технологияларын үйрөнүүгө жана колдонууга шыктануусу үчүн биз аларга өз алдынча колдонуу мүмкүнчүлүгүн сунуштадык. Алар эксперименттерди жүргүзүү жана долбоорлорун түзүү үчүн керектүү ресурстарга эркин кире алышты. Ошондой эле, студенттер алдын ала белгиленген эрежелерди жана нускамаларды гана аткарбастан, МКТ технологияларын өз алдынча үйрөнө алышат.

*Ыңгайлуу жана колдоочу окуу чөйрөсүн түзүү* студенттердин окууга шыктанышы үчүн аларга ыңгайлуу жана колдоочу окуу чөйрөсү керек, анда достук жана дем берүүчү атмосфераны түзүү, колдоочу насаатчылык жана коучинг, психологиялык колдоо жана консультация алуу мүмкүнчүлүгү камтылуусу зарыл.

Бул шарттардын ар бири студенттердин МКТны колдонууга болгон кызыгуусун жана өз алдынчалыкка умтулуусун стимулдаштыруучу колдоо чөйрөсүн түзүүнүн маанилүү элементи болуп саналат.

Биздин пикирибизде, медициналык студенттер арасында МКТ-компетенцияларын калыптандыруу үчүн зарыл болгон төмөнкү принциптер да аныкталган:

*МКТны пайдалануу менен маалыматтарды анализдөө жана интерпретациялоо принциби*. Критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө көңүл бурулат, анткени заманбап медицина билимди гана эмес, анализдөө, сынчыл ой жүгүртүү жана маалыматтардын негизинде чечим кабыл алуу жөндөмүн да талап кылат.

*Маалыматтык коопсуздук принциби* бул жерде маалыматтык коопсуздук маданиятына басым жасалат. Бүгүнкү медициналык маалыматтар – бул купуя маалымат, медициналык студенттер бейтаптардын купуялыгын кантип коргоону билиши керек.

*Кызматташуу жана байланыш принциби*. Бул принцип медицина тармагындагы ар кандай кесипкөйлөр ортосундагы байланышты жана өз ара иш алып барууну жеңилдетүү үчүн МКТны колдонууну камтыйт.

*Тынымсыз билим алуу (өз алдынча) принциби* өмүр бою билим берүү менен байланышкан окуу программаларын уюштуруу жана студенттердин билимин жаңыртуу үчүн МКТны колдонууну камтышы мүмкүн.

Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн биз келечектеги врачтарды даярдоо процессинде билимди өздөштүрүү жана аларды кесиптик ишмердүүлүктө жана социалдык турмушта колдонуу билимдерин өздөштүрүү жана көндүмдөрдү иштеп чыгууга багытталган билим берүү технологияларын колдонуу менен «Информатика» курсунун мазмунун жаңырттык: талаш-тартышты чечүүгө салым кошкон стандарттуу эмес оор кырдаалдарда аракеттенүү жөндөмдүүлүгү; байланыш көндүмдөрү; сабактарда ишмердүүлүктүн жол берилген формалары жана методдорун тандап алуу жөндөмү. Сунушталган курс келечектеги врачтын кесиптик ишмердүүлүк жаатындагы билим деңгээлин жогорулатууга мүмкүндүк берет.

Кыргыз Республикасында заманбап билим берүүнүн максаты, Мамлекеттик стандартка ылайык, компетенттүүлүккө негизделген мамилени ишке ашыруу болуп саналат. Бул максатка жетүү үчүн келечектеги врачты дардоодо врачтын МКТ компетенттүүлүгүн калыптандыруу модели иштелип чыккан, анын компоненттери даярдалган, келечектеги врачтардын МКТ-компетенциясынын калыптандыруу моделинин процесс блогу, жыйынтык блогу эсептелет. (2.1-сүрөт)

Келечектеги медицина кызматкерлеринин МКТ-компетенцияларын калыптандыруунун моделин түзүү үчүн биз көптөгөн авторлордун эмгектерин изилдедик, мисалы Е.И. Боровикова, С.А. Казакова, Н.П. Терентьева жана башкалардыкын.

Бул блоктор өз ара байланышы, бүтүндүгү, макулдашылгандыгы жана өз ара шартталгандыгы менен мүнөздөлөт. Бул моделдин милдети

медициналык студенттер арасында МКТ компетенцияларын калыптандыруу болгон.




*2.1-сүрөт. Келечектеги врачтардын МКТ-компетенцияларынын модели.*

Бул блоктор өз ара байланышы, бүтүндүгү, макулдашылгандыгы жана өз ара шартталгандыгы менен мүнөздөлөт. Бул моделдин милдети медициналык студенттер арасында МКТ компетенцияларын калыптандыруу болгон.

Ар бир блокту кененирээк карап чыксак. 2.1-сүрөттөн көрүнүп тургандай, биринчи блок «ДАЯРДОО БЛОГУ» болуп саналат, ал төмөнкүлөрдөн турат: Медициналык студенттер арасында МКТ компетенциясын калыптандыруунун максаттары. Максат, биздин оюбузча, медицинада заманбап маалыматтык технологияларды колдонуу боюнча аларга керектүү билим, көндүм жана билгичтиктерди камсыз кылуу болуп саналат;

МКТ компетенциясын калыптандыруунун мазмуну тиешелүү операциялык системасы бар компьютер менен иштөөнү, медициналык маалыматтык системаларды жана программаларды колдонууну, медициналык маалыматтарды иштеп чыгууну жана анализдөөнү, интернетте, маалымат базасында иштөөнү, маалыматтарды коргоону, өз алдынча иштөөнү камтыйт.

1. «КЕЛЕЧЕКТЕГИ ВРАЧТАРДЫН МКТ-КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫН МОДЕЛИН КАЛЫПТАНДЫРУУ ПРОЦЕССИНИН БЛОГУ»

Окутуу методдорун тандоо. Окутуунун натыйжалуулугу шайкеш келүүсүнөн көз каранды болорун белгилей кетүү керек. Алсак, иште төмөнкүдөй методдор колдонулган:

1. *Мээге чабуул* идеяларды түзүү жана алмашуу үчүн топтук ой жүгүртүүнү активдүү колдонот. Катышуучулар ачык жана дем берүүчү чөйрөдө идеяларды жана чечимдерди иштеп чыгуучу жамааттык сессиялар түрүндө өткөрүлөт;

*2.Интерактивдүү окутуу методу окуп жаткандардын* окуу материалы менен жана бири-бири менен активдүү өз ара аракеттенүүсүнө, анын ичинде талкууларды, дискуссияларды жана практикалык тапшырмаларды аткарууга багытталган. «Проблемалуу окутуу», «Ролдук оюндар», «Электрондук окутуу платформалары» сыяктуу ыкмалар колдонулган;

3.*Активдүү окутуу методу*: Активдүү окутуу методу маалыматты пассивдүү кабыл алуунун ордуна студенттерди активдүү ишмердүүлүккө тартууну камтыйт;

4. *Сурамжылоо окутуу методу:* Окутуунун изилдөөчүлүк методу студенттердин илимий изилдөө методдорун колдонуу менен активдүү изилдөө жана билимди издөөнү камтыйт;

5. *Окуяларды өздөштүрүү методу* (Case study) – бул изилдөө, анализдөө жана чечим кабыл алууну талап кылган реалдуу же гипотетикалык кырдаалдардын, проблемалардын  же сценарийлердин анализин түшүндүрөт. Окуп жаткандар так белгиленген окуяны изилдеп, анын фактыларын жана майда-чүйдөсүнө чейин анализге алып, өз корутундуларын жана чечимдерин негиздешет, альтернативаларды талкуулашат жана сынчыл баа беришет. Бул метод аналитикалык, сынчыл ой жүгүртүү жана чечим кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

*6. Программаланган окутуу* окуп жаткандардын белгилүү бир көндүмдөрдү же билимдерди үйрөнүү үчүн аткара турган кадамдардын же программанын ырааттуулугу катары окуу материалын түзүмдөштүрүлүшүн көрсөтүүнү камтыйт. Программаланган окутуу билимди активдүү практикалык колдонууга, тапшырмаларды өз алдынча аткарууга жана бара-бара татаалдыкты эске алуу менен көндүмдөрдү ырааттуу курууга багытталган.

*7. Окутуу каражаттары.* Тиешелүү программалык камсыздоо орнотулган компьютерлер. Электрондук окуу китептери жана окуу

материалдары. Медициналык маалымат системалары жана программалары. Мобилдик түзүлүштөр.

8.*Окутуу формалары.* Окуу материалдары жана программалары менен жекече иштөө. Окутуучу менен топтук сабактар, практикалык жана лабораториялык сабактар.

Моделден көрүнүп тургандай, МКТ компетенциясын калыптандыруу процесси төмөнкү кадамдардан турат:

• Келечектеги врачтардын МКТ-компетенцияларын калыптандыруунун максатын жана мазмунун коюу;

•Окутуу методдорун, каражаттарын, формаларын тандоо;

• Келечектеги врачтардын МКТ-компетенцияларын калыптандыруу процесси;

• МКТ-компетенцияларынын деңгээлин баалоо;

• Келечектеги врачтардын МКТ-компетенцияларын калыптандыруунун натыйжалары.

Бул кадамдар келечектеги врачтардын МКТ-компетенцияларын калыптандыруу программасы болуп саналат.

*Окутуучунун иши* окутуу методдору, окутуу каражаттары, окутуу формалары аркылуу медициналык студенттердин МКТ компетенттүүлүгүн калыптандырууга, МКТ компетенциясынын калыптандыруу деңгээлин баалоого багытталган, ЮНЕСКОнун сунуш-көрсөтмөлөрүнө шайкеш келет.

*Студенттердин иши* теориялык жана практикалык билимдерди, билгичтиктерди жана берилген тапшырмаларды аткарууга жөндөмдүүлүктү өздөштүрүүсүнө багытталган. Алар лекциялар, окуу китептери жана өз алдынча даярдануу, анын ичинде учурдагы макалаларды окуу аркылуу медициналык маалымат технологияларынын негиздерин үйрөнүшөт. Өз алдынча изилдеп жана медициналык иш-чараларга катышып, кесиптик дүйнө таанымын кеңейтип, инновацияларды издөөгө түрткү берет. Компетенттүү медициналык информатика чөйрөсүндөгү компетенттүү адистерди калыптандыруу менен, коммуникация жана жамаатта иштөө көндүмдөрүн өнүктүрө турган командалык ишти талап кылган долбоорлорго жана тапшырмаларга катышуу.

